**Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин жана Кыргыз Республикасынын Транспорт жана жолдор министрлигинин Биргелешкен буйругу**

**КР ТИМ жана КР ТЖМ ортосундагы өз ара аракеттенүү боюнча Регламентин бекитүү жөнүндө**

2017-ж «07» 07
142-п сандуу

2017-ж «06» 07
227 сандуу

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 9-июлундагы №404 токтому менен бекитилген, «Аткаруу бийлигинин органдарынын чектеш функцияларды ишке ашыруу боюнча эриш-аркак иштешүүсүнүн» Типтүү регламентин аткаруунун алкагында:

**БУЙРУК КЫЛАБЫЗ:**

1. Тиркелген Автомобиль транспорту менен Кытай Эл Республикасына эл аралык жүк ташуучу каттамдарды жүргүзүп жаткан айдоочулар – Кыргыз Республикасынын жарандары үчүн ноталык колдоо көргөзүүнү жоболоштуруу, жөнөтүү жана берүү маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги менен Кыргыз Республикасынын Транспорт жана жолдор министрлигинин өз ара аракеттенүү Регламенти (мындан ары – Регламент) бекитилсин.
2. Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги менен Кыргыз Республикасынын Транспорт жана жолдор министрлиги Регламентке карап иш алып барышсын.
3. Регламенттин аткарылышын көзөмөлдөө Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министринин жана Кыргыз Республикасынын Транспорт жана жолдор министринин көзөмөлдөөчү орун басарларына жүктөлсүн.

| | |
|---|---|
| **Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министри Э.Абдылдаев** | **Кыргыз Республикасынын Транспорт жана жол министри Ж.Калилов** |

2017-жылдын «07» 07.2017 №142-п
Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер
министринин жана
2017-жылдын «06» 07 №227
Кыргыз Республикасынын Транспорт
жана жолдор министринин
биргелешкен буйругуна
Тиркеме

**Автомобиль транспорту менен Кытай Эл Республикасына эл аралык жүк ташуучу каттамдарды жүргүзүп жаткан айдоочулар – Кыргыз Республикасынын жарандары үчүн ноталык колдоо көргөзүүнү жоболоштуруу, жөнөтүү жана берүү маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги менен Кыргыз Республикасынын Транспорт жана жолдор министрлигинин өз ара аракеттенүү**
**РЕГЛАМЕНТИ**

## I. Жалпы жоболор

1. Бул Регламент Кыргыз Республикасындагы Кытай Эл Республикасынын Элчилигиндеги (КЭТ Элчилигиндеги консулдук бөлүмдө) кирүүчү-чыгуучу визаларды андан кийинки жоболоштуруу максатында Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги (мындан ары – КР ТИМ) менен Кыргыз Республикасынын Транспорт жана жолдор министрлигинин (мындан ары – КР ТЖМ) Автомобиль транспорту менен Кытай Эл Республикасына эл аралык жүк ташуучу каттамдарды жүргүзүп жаткан айдоочулар – Кыргыз Республикасынын жарандары үчүн ноталык колдоо көргөзүүнү жоболоштуруу, жөнөтүү жана берүү маселелери боюнча шарттарды жана механизмдерди аныктайт.
2. Бул Регламенттин максаты Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына жана Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган эл аралык келишимдердин жоболоруна ылайык, өтүнүчтөрдү жана ноталык колдоо көргөзүүнү тиешелүү деңгээлде жоболоштуруу болуп саналат.
3. Өз ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырган убакта КР ТИМ жана КР ТЖМ Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына таянып иш алып барат.
4. КР ТЖМ алдындагы Автомобиль, суу транспорту жана салма-габаритин көзөмөлдөө агенттиги (мындан ары – Автотранспорт агенттиги) КР ТИМ Консулдук кызмат департаментине ноталык колдоо көргөзүү боюнча өтүнүч берүү боюнча ыйгарым укуктуу орган болуп саналат (мындан ары – КР ТИМ ККД).
5. КР ТИМ ККД Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин Кыргыз Республикасындагы КЭР Элчилигине ноталык колдоо көргөзүүнү берүү боюнча ыйгарым укуктуу түзүмдүк бөлүм болуп саналат.

## II. Автотранспорт агенттигинин өтүнүчтөрүн жоболоштуруу тартиби

1. Автотранспорт агенттиги тарабынан, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык эл аралык автомобилдик ташууларды ишке ашырууга уруксат берилген жеке жана юридикалык жактарга (мындан ары - арыз берүүчүлөргө) ноталык колдоо көргөзүүгө өтүнүч жоболоштурулат.

2. Автотранспорт агенттигине ноталык колдоо көргөзүүгө өтүнүч сурап кайрылган учурда арыз ээлери милдеттүү тартипте төмөнкү документтерди көргөзөт:

**а) юридикалык жактар үчүн:**

- Автотранспорт агенттигинин дарегине кат;
- Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде мамлекеттик каттоо тууралуу күбөлүктүн күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү;
- эл аралык автомобилдик билдирүүдө жүргүнчүлөрдү жана жүктөрдү ташуу боюнча транспорттук ишмердүүлүк жүргүзүү укугуна болгон лицензиянын күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү;
- ноталык колдоо көргөзүүгө өтүнүчтү жоболоштурууга ыйгарым укукту тастыктаган ишеним кат же башка документ;
- Кыргыз Республикасынын колдонуудагы ченемдик укуктук актыларына ылайык, консулдук жыйымдарды төлөгөндүгү тууралуу дүмүрчөк.

**б) жеке адамдар үчүн:**

- Автотранспорт агенттигинин дарегине арыз;
- Кыргыз Республикасынын колдонуудагы ченемдик укуктук актыларына ылайык, консулдук жыйымдарды төлөгөндүгү тууралуу дүмүрчөк.

**в) жеке жана юридикалык жактар үчүн документтердин жалпы тизмеси:**

- эл аралык автомобилдик билдирүүдө жүргүнчүлөрдү жана жүктөрдү ташуу боюнча транспорттук ишмердүүлүк жүргүзүү укугуна болгон лицензиянын күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү;
- Кыргыз Республикасынын жаранынын жалпы жарандык паспортунун (чет элдик паспорт) көчүрмөсү;

Ноталык колдоо алууга өтүнүч алуу үчүн берилген документтердин бардык көчүрмөлөрү юридикалык жактын – арыз ээсинин расмий мөөрү басылып күбөлөндүрүлүшү керек, ал эми жеке жактар үчүн – Автотранспорт агенттигинин мөөрү басылат же нотариалдык күбөлөндүрүлүшү керек;

3. Документтер арыз ээси тарабынан Кыргыз Республикасынын мамлекеттик же расмий тилинде берилет. Арыз ээси берилген маалыматтардын жана документтердин тууралыгына персоналдык жеке жоопкерчилик тартат. Автотранспорт агенттиги зарыл болгон учурда арыз ээси тарабынан берилген маалыматтардын жана документтердин тууралыгын кошумча текшерүүгө укуктуу.

4. Автотранспорт агенттиги тарабынан ноталык колдоо алууга арыз ээсинин берген өтүнүчүн жоболоштурууга көмөк көргөзүү акысыз негизде жүргүзүлөт.

5. Ноталык колдоо алууга өтүнүч берүүдөн баш тартуу үчүн негиз болуп төмөнкүлөр саналат:

- бул Регламенттин II-бөлүмүнүн 2-пунктунда көргөзүлгөн документтерди бербей коюшу же алардын туура эмес жоболоштурулушу;

- арыз ээси тарабынан толук эмес же туура эмес маалыматтардын берилиши;

- чийилген же өчүрүлгөн жазуусу бар, сөздөрү сызылган же башка мындагы айтылбаган ондоолору бар документтерди, калем менен толтурулган документтерди, олуттуу жабыркаган, алардын мазмуну бир жактуу эмес талкууланууга жаткан документтерди берген учурда.

6. Автотранспорт агенттиги бул Регламенттин IV- бөлүмүндө көргөзүлгөн мөөнөттө берилген документтерди кароонун натыйжалары боюнча, ноталык колдоого өтүнүч берилгендигине баш тартат же макулдугун берүү тууралуу чечим кабыл алат.

## III. КР ТИМ ККДе ноталык колдоо көргөзүүнү жоболоштуруу тартиби

1. КР ТИМ ККДнин ноталык колдоо көргөзүү боюнча функцияларын ишке ашыруусунун башталышы болуп Автотранспорт агенттигинин электрондук почта боюнча төмөнкүлөрдү алуусу эсептелет:

- өтүнүч;

- өтүнүчтө көргөзүлгөн айдоочу-жүк ташуучулардын жалпы жарандык паспортторунун (чет элдик паспорттордун) көчүрмөлөрү;

- консулдук жыйымдарды төлөө тууралуу дүмүрчөк.

2. КР ТИМ ККДнин функцияларын аткарып бүткөндүгү болуп, ноталдык колдоону Кыргыз Республикасындагы КЭР Элчилигинин дарегине жөнөтүүсү болуп саналат.

КР ТИМ ККДнин ноталык колдоо көргөзүүсүнүн түпнускалары, чыгуучу корреспонденцияны жөнөтүүнүн графигине ылайык, Кыргыз Республикасындагы КЭР Элчилигинин дарегине почта байланышы аркылуу жөнөтүлөт.

## IV. КР ТИМ ККДнин жана Автотранспорт агенттигинин өз ара аракеттенүү тартиби

1. Автотранспорт агенттиги жеке жана юридикалык жактардын өтүнүчүнүн негизинде бул Регламенттин III-бөлүмүнүн 1-пунктунда көргөзүлгөн документтердин тиркемеси менен, өтүнүчтү КР ТИМ ККДнин ноталык колдоо көргөзүүгө өтүнүч жиберет.

2. Автотранспорт агенттиги ноталык колдоо көргөзүүгө өтүнүч бергендиги тууралуу жана аны берүүдөн баш тарткандыгы тууралуу чечимди

бардык зарыл болгон документтерди каттаган күндөн 3 (үч) жумушчу күндөн кеч эмес кабыл алат.

3. Автотранспорт агенттиги өтүнүчтү тиешелүү түрдө жоболоштургандан кийин оперативдүүлүк максатында анын сканерден өткөрүлгөн вариантын КР ТИМ ККДнин электрондук дарегине **DEPCONSER@GMAIL.COM** Регламенттин III-бөлүмүнүн 1-пунктунда көргөзүлгөн зарыл болгон документтерди тиркөө менен жөнөтөт.

Бул учурда бул өтүнүчтөрдүн түпнускалары, бул Регламенттин III-бөлүмүнүн 1-пунктунда көргөзүлгөн зарыл болгон документтерди тиркөө менен чыгуучу корреспонденцияны жөнөтүүнүн графигине ылайык, Кыргыз Республикасындагы КЭР Элчилигинин дарегине почта байланышы аркылуу жөнөтүлөт.

4. КР ТИМ ККД Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, Автотранспорт агенттигинен өтүнүчтү алгандан кийин бекитилген мөөнөттө (1 жумушчу күндөн 4 жумушчу күнгө чейин) ноталык колдоо көргөзүүнү жоболоштурат.

КР ТИМ ККДга 12.00-гө чейин келип түшкөн мөөнөттүү өтүнүчтөр ошол эле күнү, 16-18.00-гө чейин жоболоштурулуп, жөнөтүлөт, 12.00-дөн кийин түшкөн өтүнүчтөр кийинки жумушчу күнү, саат 10.00-дөн 12.00-гө чейин жоболоштурулуп, жөнөтүлөт.

5. КР ТИМ ККД ноталык документтин сканерден өткөрүлгөн вариантын Кыргыз Республикасындагы КЭР Элчилигинин жана Автотранспорт агенттигинин **GAAVT@MAIL.RU** электрондук даректерине жөнөтүшөт.

КР ТИМ ККДнин ноталык колдоо көргөзүүнүн түпнускалары, чыгуучу корреспонденцияны жөнөтүүнүн графигине ылайык, Кыргыз Республикасындагы КЭР Элчилигинин дарегине почта байланышы аркылуу жөнөтүлөт.

6. Эгер өтүнүч бул Регламентте орнотулган талаптарды бузуу менен толтурулуп калса, КР ТИМ ККД шайкеш келбестиктерди четтетүү үчүн, бул өтүнүчтү Автотранспорт агенттигине кайтарып берүүгө укуктуу.

7. Автотранспорт агенттигинин функцияларын аткарып бүткөндүгү болуп, арыз ээсинин дарегине ноталык колдоо көргөзүүнү Кыргыз Республикасындагы КЭР Элчилигинин дарегине жөнөткөндүгү тууралуу билдирүүнү жөнөтүүсү болуп саналат, ага КР ТИМ ККД ноталык колдоо көргөзүүнүн көчүрмөлөрү тиркелет.

## V. Тараптардын укуктары жана милдеттери

1. Функционалдык милдеттери жана ыйгарым укуктарынан улам, КР ТИМ жана КР ТЖМ бул Регламентте келтирилген маселелер боюнча тыгыз кызматташууга, мөөнөттөрүн жана анда каралган талаптарды бузууга жол бербөөгө милдеттенишет.

2. КР ТЖМ Автотранспорт агенттигинин жана КР ТИМдин кызмат адамдары мыйзамга каршы аракеттери үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, административдик жана жазык жоопкерчилигине ээ.

Бул Регламентке Тараптардын[i] макулдугу боюнча бул Регламенттин ажырагыс бөлүгү катары саналган кошумча Протоколдор аркылуу жоболоштурулган өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизиле алат жана Тараптардын мындай Протоколдорго кол койгон учурунан баштап күчүнө кирет.

## VI. Тараптардын реквизиттери жана кол тамгалары

| | |
|---|---|
| Бишкек шаары,<br>Эркиндик бульвары 57<br>Кыргыз Республикасынын<br>Тышкы иштер министри<br>Э.Абдылдаев | Бишкек шаары,<br>Исанов көчөсү 42<br>Кыргыз Республикасынын<br>Транспорт жана жол министри<br>Ж.Калилов |
| ______________________ | ______________________ |
| 2017-жылдын «___»______ | 2017-жылдын «06» 07 |

[i] «Тараптар» деп Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги менен Кыргыз Республикасынын Транспорт жана жолдор министрлигин түшүнүү керек.

**Совместный приказ**
**Министерства иностранных дел Кыргызской Республики**
**и Министерства транспорта и дорог Кыргызской Республики**

**Об утверждении**
**Регламента взаимодействия**
**МИД КР и МТД КР**

№ 142-п от «07» 07 2017 года

№ 227 от «06» 07 2017 года

Во исполнение постановления Правительства Кыргызской Республики №404 от 9 июля 2013 года об утверждении Типового Регламента взаимодействия государственных органов исполнительной власти по реализации смежных функций:

**ПРИКАЗЫВАЕМ:**

1. Утвердить прилагаемый Регламент взаимодействия Министерства иностранных дел Кыргызской Республики и Министерства транспорта и дорог Кыргызской Республики по вопросам оформления, отправки и выдачи нотных поддержек для граждан Кыргызской Республики-водителей, осуществляющих международные грузовые перевозки в Китайскую Народную Республику автомобильным транспортом (далее – Регламент).
2. Министерству иностранных дел Кыргызской Республики и Министерству транспорта и дорог Кыргызской Республики руководствоваться Регламентом.
3. Контроль за выполнением Регламента возложить на курирующих Заместителя министра иностранных дел Кыргызской Республики и Заместителя министра транспорта и дорог Кыргызской Республики.

**Министр иностранных дел**
**Кыргызской Республики**
**Э. Абдылдаев**

**Министр транспорта и дорог**
**Кыргызской Республики**
**Ж. Калилов**

Приложение
к совместным приказам
Министерства иностранных дел
Кыргызской Республики
от «07» июля 2017 года №142-п
и Министерства транспорта и дорог
Кыргызской Республики
от «06» июля 2017 года №227

# РЕГЛАМЕНТ
## взаимодействия Министерства иностранных дел Кыргызской Республики и Министерства транспорта и дорог Кыргызской Республики по вопросам оформления, отправки и выдачи нотных поддержек для граждан Кыргызской Республики-водителей, осуществляющих международные грузовые перевозки в Китайскую Народную Республику автомобильным транспортом

## I. Общие положения

1. Настоящий Регламент определяет условия и механизм взаимодействия Министерства иностранных дел Кыргызской Республики (далее - МИД КР) и Министерства транспорта и дорог Кыргызской Республики (далее - МТД КР) по вопросам оформления и отправки ходатайства МТД КР, оформления и отправки нотных поддержек для граждан Кыргызской Республики-водителей, осуществляющих международные грузовые перевозки в Китайскую Народную Республику автомобильным транспортом, в целях дальнейшего оформления въездных-выездных виз в Посольстве Китайской Народной Республики в Кыргызской Республики (консульском отделе Посольства КНР).

2. Целью настоящего Регламента является надлежащее оформление ходатайств и нотных поддержек в соответствии с положениями международных договоров, участницей которых является Кыргызская Республика и требованиями законодательства Кыргызской Республики.

3. При осуществлении своих полномочий МИД КР и МТД КР руководствуются законодательством Кыргызской Республики.

4. Агентство автомобильного, водного транспорта и весогабаритного контроля при МТД КР (далее – Агентство автотранспорта) является уполномоченным органом по предоставлению ходатайства на нотную поддержку в Департамент консульской службы МИД КР (далее – ДКС МИД КР).

5. ДКС МИД КР является уполномоченным структурным подразделением МИД КР по предоставлению нотной поддержки в Посольство КНР в Кыргызской Республике.

## II. Порядок оформления ходатайства Агентством автотранспорта

1. Агентством автотранспорта оформляются ходатайства на нотную поддержку физическим и юридическим лицам (далее - заявителям), допущенным в соответствии с законодательством Кыргызской Республики к осуществлению международных автомобильных перевозок.

2. При обращении в Агентство автотранспорта за ходатайством на нотную поддержку заявители в обязательном порядке предоставляют следующие документы:

**а) для юридических лиц:**

- письмо в адрес Агентства автотранспорта;
- заверенную копию свидетельства о государственной регистрации в Министерстве юстиции Кыргызской Республики;
- заверенную копию лицензии на право осуществления транспортной деятельности по перевозке пассажиров и грузов в международном автомобильном сообщении;
- доверенность или иной документ, удостоверяющий полномочия на оформление ходатайства на нотную поддержку;
- квитанция об оплате консульских сборов согласно действующим нормативным правовым актам Кыргызской Республики.

**б) для физических лиц:**

- заявление в адрес Агентства автотранспорта;
- квитанция об оплате консульских сборов согласно действующим нормативным правовым актам Кыргызской Республики.

**в) общий перечень документов для юридических и физических лиц:**

- копия лицензии на право осуществления транспортной деятельности по перевозке пассажиров и грузов в международном автомобильном сообщении;
- копия общегражданского паспорта гражданина Кыргызской Республики (заграничный паспорт), лица который будет осуществлять международную перевозку.

Все копии предоставляемых документов должны быть заверены официальной печатью юридического лица – заявителя на получение ходатайства на нотную поддержку, а для физических лиц – Агентством автотранспорта или должны быть заверены нотариально;

3. Документы предоставляются заявителем на государственном или официальном языке Кыргызской Республики. Заявитель несет персональную ответственность за достоверность представленных сведений и документов. Агентство автотранспорта при необходимости имеет право дополнительно проверить достоверность представленных заявителем сведений и документов.

4. Оказание содействия в оформлении ходатайства Агентством автотранспорта в отношении заявителей для получения нотной поддержки осуществляется на бесплатной основе.

5. Основаниями для отказа в предоставлении ходатайства на нотную поддержку являются:

- не предоставление указанных в пункте 2 Главы II настоящего Регламента документов или неправильное их оформление;

- предоставление заявителем неполных или недостоверных данных;

- представление документов, имеющих подчистки либо приписки, зачеркнутые слова или иные не оговоренные в них исправления, документов, исполненных карандашом, а также документов с серьезными повреждениями, не позволяющими однозначно истолковать их содержание.

6. Агентство автотранспорта принимает решение о предоставлении или отказе в предоставлении ходатайства на нотную поддержку по результатам рассмотрения представленных документов в сроки, указанные в Главе IV настоящего Регламента.

## III. Порядок оформления нотной поддержки в ДКС МИД КР

1. Началом осуществления функций ДКС МИД КР по предоставлению нотной поддержки является получение от Агентства автотранспорта по электронной почте:

- ходатайства;

- копий общегражданских паспортов (заграничных паспортов) водителей-грузоперевозчиков, указанных в ходатайстве;

- квитанции об оплате консульских сборов.

2. Окончанием осуществления функций ДКС МИД КР является направление нотной поддержки в адрес Посольства КНР в Кыргызской Республике.

Подлинники нотных поддержек ДКС МИД КР направляются в адрес Посольства КНР в Кыргызской Республике в обычном порядке посредством почтовой связи согласно графику отправления исходящей корреспонденции.

## IV. Порядок взаимодействия ДКС МИД КР и Агентства автотранспорта

1. Агентство автотранспорта на основании ходатайств физических или юридических лиц с приложением копий документов, указанных в пункте 1 Главы III настоящего Регламента, направляет ходатайства на нотную поддержку в ДКС МИД КР.

2. Агентство автотранспорта принимает решение о предоставлении ходатайства на нотную поддержку или отказ в его предоставлении не позднее 3 (трёх) рабочих дней со дня регистрации всех необходимых документов.

3. Агентство автотранспорта после надлежащего оформления ходатайства в целях оперативности направляет отсканированный его вариант в ДКС МИД КР на электронный адрес **DEPCONSER@GMAIL.COM** с приложением необходимых документов, указанных в пункте 1 Главы III настоящего Регламента.

При этом подлинники данных ходатайств, с приложением документов, указанных в пункте 1 Главы III настоящего Регламента, направляются Агентством автотранспорта в адрес ДКС МИД КР в обычном порядке посредством почтовой связи согласно графику отправления исходящей корреспонденции государственных органов Кыргызской Республики.

4. ДКС МИД КР в установленные сроки в соответствии с законодательством Кыргызской Республики (от 1 до 4 рабочих дней) с момента получения ходатайства от Агентства автотранспорта оформляет нотную поддержку.

Срочные ходатайства Агентства автотранспорта, поступившие в ДКС МИД КР до 12.00 часов, оформляются и направляются в тот же день с 16.00-18.00 часов, ходатайства, поступившие после 12.00 часов, оформляются и направляются на следующий рабочий день с 10.00-12.00 часов.

5. ДКС МИД КР направляет отсканированный вариант нотной поддержки на электронные адреса Консульского отдела Посольства КНР в Кыргызской Республике и Агентства автотранспорта **GAAVT@MAIL.RU**.

Подлинники нотных поддержек ДКС МИД КР направляются в адрес Посольства КНР в Кыргызской Республике в обычном порядке посредством почтовой связи согласно графику отправления исходящей корреспонденции.

6. В случае если ходатайство оформлено с нарушением требований, установленных данным Регламентом, ДКС МИД КР вправе вернуть данное ходатайство в Агентство автотранспорта для устранения несоответствий.

7. Окончанием осуществления функций Агентства автотранспорта является направление в адрес заявителя уведомления об отправке нотной поддержки в адрес Посольства КНР в Кыргызской Республике с приложением копии нотной поддержки ДКС МИД КР.

## V. Права и обязанности Сторон

1. Исходя из функциональных обязанностей и полномочий, МИД КР и МТД КР обязуются тесно взаимодействовать по вопросам, изложенным в настоящем Регламенте, не допускать нарушений сроков и требований, предусмотренных в нем.

2. Должностные лица Агентства автотранспорта МТД КР и ДКС МИД КР за совершение противоправных действий несут дисциплинарную, административную и уголовную ответственность в соответствии с законодательством Кыргызской Республики.

В настоящий Регламент могут вноситься изменения и дополнения по взаимному согласию Сторон[1], оформляемые посредством дополнительных Протоколов, которые будут считаться неотъемлемой частью настоящего

[1] Под «Сторонами» понимаются Министерство иностранных дел Кыргызской Республики и Министерство транспорта и дорог Кыргызской Республики.

Регламента и вступят в силу с момента подписания Сторонами таких Протоколов.

## VI. Реквизиты и подписи Сторон

г.Бишкек бул.Эркиндик, 57
Министр иностранных дел
Кыргызской Республики
Э.Абдылдаев

_________________________

"___" __________ 2017 г.

г.Бишкек ул. Исанова, 42
Министр транспорта и дорог
Кыргызской Республики
Ж.Калилов

_________________________

"06" ____07____ 2017 г.